УДК: 81'367.623:811.512.154

*Анапияева А. А., филол. илим. канд.*
*Кубанычбекова А., магистрант*
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ, Кыргызстан*

# КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ СЫН АТООЧТОР ТУУРАЛУУ

*Бул макалада сын атоочтун кыргыз тил илиминде изилдениши, окумуштуулардын сын атоочторду бөлүштүрүү боюнча көз караштарындагы жалпылыктар жана өзгөчөлүктөрү салыштырылып иликтөөгө алынат. Сын атоочтор кыргыз тил илиминде толугу менен изилденип бүтө элек сөз түркүмү экендиги тууралуу да кеп козголот. Сын атооч менен атоочтуктарды, зат атоочторду бардык жагынан бирдей сөздөр, демек, бир эле сөз түркүмү деп эсептөөгө мүмкүн эмес экендиги, алардын өзгөчөлүктөрү, белгилери көрсөтүлгөн.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *сын атооч, сөз түркүмү, зат атооч, белги, жөнөкөй сын атоочтор, татаал сын атоочтор, сөз, форма, көлөм, өңү-түс.*

*Анапияева А.А., канд. филол. наук*
*Кубанычбекова А., магистрант*
*ИГУ им. К. Тыныстанова, Кыргызстан*

# О ПРИЛАГАТЕЛЬНЫХ В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

*В данной статье авторы обращаются к теме исследованности прилагательных, а также в сравнительном плане рассматривают общности и особенности классификации прилагательных различными учеными. Также затрагивается вопрос о том, что прилагательное – это окончательно не изученная часть речи. Прилагательные, имена существительные и местоимения имеют множество сходных характеристик, но это не является основанием относить их к одной части речи. Авторы рассматривают их особенности и характерные черты.*

***Ключевые слова:*** *прилагательное, словосочетание, существительное, знак, простые прилагательные, сложные прилагательные, слово, форма, объем, цвет.*

*Anapiyaeva A.A., PhD, associate professor*
*Kubanichbekova A., graduate student*
*IKSU, K. Tynystanov, Kyrgyzstan*

# ADJECTIVES IN THE KYRGYZ LANGUAGE

*This article compares and examines the study of adjectives in Kyrgyz linguistics, common features and features of the distribution of adjectives by scientists. It is even discussed that adjectives are a group of words that have not been fully studied in Kyrgyz linguistics. The fact that adjectives, nouns and nouns cannot be considered the same words in all respects, that is, one group of words, shows their characteristics and features.*

***Key words****: adjective, phrase, noun, sign, simple adjectives, complex adjectives, word, shape, volume, color.*

Сөз тилдин эң негизги материалдык бирдиги экендиги жалпыбызга маалым. Сөздө анын ички табиятын мүнөздөгөн маани-мазмуну жана сырткы турпатын мүнөздөгөн тыбыштык түзүлүшү болуп, бири-биринен ажырагыс эки тарабы бар [1: 10].

Тилде сөздөр абдан көп, алар лексика-грамматикалык жактан ар түрдүү келишет. Алсак, *тоо, таш, аары, сары, кызыл, чоң, бешинчи, миң, миллион, жүгүр, ойно, тос, шакылда, кокуй, караңгүн, аттиң, арман ай и* ж. б. толуп жаткан сөздөр өз-өзүнчө берген маанилерине карай топ-топко бөлүнүшөт. Карап көрсөк, бул сөздөрдүн айрымдары түшүнүктөрдүн, нерселердин аттарын, экинчилери кыймыл-аракетти, үчүнчү топтогулары кандайдыр касиеттерди, андан кийинкилери эсепти билдирип, ар бири өз-өзүнчө түркүмдөрдү түзүп турат. Бул түркүмдөрдүн ар бириндеги сөздөр өз ара маанилик жалпылыкка ээ болгон топтор болуп саналат. Ошентип, тилдеги сөздөр жалпы грамматикалык маанилерине, белгилерине жараша сөз түркүмдөрүнө бөлүнөт.

Сөздөрдү лексика-грамматикалык белгилерине карай топтоштуруу, башкача айтканда, сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүү атайын принциптерге ылайык ишке ашат [2: 25] . Кыргыз тилиндеги сөздөр сөз түркүмдөрүнө маанилик, морфологиялык жана синтаксистик принциптердин негизинде топтоштурулат.

Сөз түркүмдөрү жалпы категориялык грамматикалык маанилеринин өзгөчөлүгү боюнча төмөнкүдөй бөлүнөт:

***Маани берүүчү* же *негизги сөз түркүмдөрү.*** Буга *зат атооч, сын атооч, сан атооч, тактооч, этиш* кирет. Булар өз алдынча лексикалык мааниге ээ болуп, сүйлөм мүчөсүнүн кызматын аткарып, кээде өз алдынча сүйлөм да боло ала турган сөздөр болуп саналат.

1. ***Өзгөчө сөз түркүмдөрү.*** Булар − *сырдык сөздөр* менен *тууранды сөздөр*. Негизги да, кызматчы да сөз түркүмдөрүнө кошулбаган бул сөз түркүмдөрү кишинин ички сезимин билдирип жана ар кандай добуштарды, көрүнүштөрдү туурап айтылган сөздөр болуп эсептелет.

***2. Кызматчы сөз түркүмдөр.*** Булар өз алдынча лексикалык мааниге ээ болбойт. Сүйлөмдө сөз менен сөздү же сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштырып, алардын ортосундагы ар түрдүү карым-катыштарды шарттап турат. Кызматчы сөз түркүмдөрү: *байламталар, бөлүкчөлөр, жандоочтор жана модалдык сөздөр* [3: 35].

Тилде заттын сын-сыпатын (*жакшы, жаман сулуу*), өңү-түсүн (*ак, кара, сары*), даамын (*ачуу, таттуу*), формасын (*тоголок, сүйрү, жалпак*), көлөмүн (*чоң, кичине*) ж. б. белгилерин билгизип, *Кандай? Кайсы?* деген суроолорго жооп берген сөздөр сын атоочтор экендиги маалым.

В. В. Виноградов: «Сын атооч − заттын (сапаттык, салыштырмалуу же белгилеп-аныктоочу) касиетин билдирип, сөздөрдү түзүүчү жана жалпылоочу грамматикалык категория”, – деп айткан.

Бул сөз түркүмүн В. В. Виноградов, В. М. Павлов, Н. А. Шрамм ж. б. окумуштуулар сын атоочтордун мааниси жана грамматикалык белгилери боюнча *сапаттык, катыштык, таандык* (*притяжательные*) жана *шилтеме ат атоочтук* касиеттерге жакын деп бөлүштүрүп, сапаттык менен катыштык сын атоочтун ортосундагы айырма морфологиялык касиеттер менен аныкталып, предметтин сапатын баалоо сапатка маани берүү аркылуу жаралат деп белгилешет.

Француз лингвисти Ш. Баллинин бул багытка кошкон салымы өзгөчө, ал "Французская стилистика" жана "Язык и жизнь" аттуу эмгектеринде өзгөчө үч проблеманын илимий негизин иштеп чыккан: *стилистиканын теориясы, айтымдын жалпы теориясы* жана *тилдин теориясын салыштырып үйрөтүү*. Ал тилдин эстетикалык функцияларын так бөлүп караган. Анын ою боюнча, **эстетикалык функция** – эстетика менен көркөм адабияттын чөйрөсүнө (компетенция) тиешелүү.

Жалпы түркологияда сын атоочтор сөз түркүмдөрүнүн ичинен жетиштүү деңгээлде изилденбегендиктен, талаш-тартыш маселелерди жараткан. Айрым түркологдор сын атооч менен зат атоочту формалдуу түрдө дал келет жана аларды ажыратуу оор деп белгилешкен. Тилдин эстетикалык мүмкүнчүлүгүнүн айрым маселелери өткөн кылымдын экинчи жарымынан изилдене баштагандыгын Д. Аксандын: "Сөздөр адамдын сезимин, эмоциясын билдирет" деген аныктамасынан байкоого болот. Изилдөөчү сөздүн өтмө маанисин *жалпы тилдик* жана *жалпы тилдик эмес* деп экиге бөлгөн. Ал: "Сөздөр контекстте колдонулганына карай ар кандай эмоцияны туюндуруп калат, а түгүл, бир нерсени туюнткан ар түрдүү сөздөр да бирдей сезимди жаратат", - дейт. Окумуштуу түрк тилинде сөздүн экспрессивдүү, таасирдүү, эмоционалдуу маанилеринин бар экендигин белгилеген.

Кыргыз тил илиминде К. Тыныстанов алгачкылардан болуп кыргыз тилиндеги сөз түркүмдөрүн семантика-грамматикалык жактан эки топко бөлүштүргөн: *атоочтор* жана *этиштер*. Атоочтор тобуна: *зат атооч, сын атооч, ат атооч, сан атоочторду* кошуп, сапаттуу деңгээлде изилдегендигин белгилөөгө болот. Тагыраак айтканда, "заттардын сынын, белгисин, өңүн, сапатын көрсөтүүчү атооч сөздөрдү сын атоочтор дейбиз" деген аныктаманы К. Тыныстановдун эмгегинен баштап учуратууга болот. Андан кийин кыргыз тилинин грамматикасы окумуштуулар И. А. Батманов, Т. Актанов, К. Бакеев, У. Асылбеков, К. К. Сартбаев, Ы. Жакыпов, А. Жапаров, С. Кудайбергенов, Б. Орузбаева, Б. Үмөталиевалар тарабынан изилденди. У. Бактыбаевдин, Ы. Жакыповдун, К. Дыйкановдун, алардан кийин биргеликте С. Кудайбергенов, С. Давлетовдордун эмгектеринде каралган [6:20].

Атайын лингвистикалык максатта фундаменталдуу түрдө сын атооч сөз түркүмү 1953-жылы Б. Үмөталиева тарабынан кененирээк илимий

иликтөөгө алынган. Ошондой эле сын атооч сөз түркүмүнүн мыйзам ченемдүү аныктамасы бир топ калыбына келтирилген.

Кийинчерээк сын атоочтордун грамматикалык формалары жана даражалары, сөздүн түзүлүшү, татаал сын атоочтор, сын атоочтордун субстантивдеши же затташуусу, айкашуу, сүйлөмдөгү орду, сын атоочтордун парадигматикасынын кыргыз жана түрк тилдеринде салыштырылышы, сын атоочтун кыргыз тили менен өзбек тилиндеги салыштырма грамматикасы; көрүнүштү сүрөттөөдөгү стилистикалык багыты, автордун ойлоп табуу каражат системасында сын атоочтун орду, морфологиялык стилистикасы жана башка ушул сыяктуу маселелер каралган. Ошондой болсо да, анын натыйжасында сын атоочтордун стилистикалык жана эстетикалык мүмкүнчүлүктөрүн, лингвистикалык анализдин көп түрдүү колдонуу ыкмаларын аныктоо зарылчылыгы келип чыкты. Негизинен, сын атооч сөз түркүмүн изилдөөгө теориялык негиз түзүлдү деп жыйынтык чыгарууга болот.

1980-жылы чыккан "Кыргыз тилинин грамматикасы" деген аталыштагы эмгекке мурунку жана жаңы муундун көз караштары, илимий далилдөөлөрү менен толуктоолору киргизилип, "Азыркы кыргыз адабий тили" (2009) деген ат менен кайрадан чыккан. Анда фонетика, лексикология, лексикография, фразеология, морфология, синтаксис, стилистика жана текст таануу, лингвопоэтика деген тил илиминин жаңы бөлүмдөрү да киргизилген [5].

Каралып жаткан маселебиздин негизги бөлүгүнө киришүүдөн мурда деги эле сөз түркүмдөрүнө, анын ичинен сын атоочтун жалпы эле табиятына, семантикалык өзгөчөлүгүнө, кепте ордуна, синтаксистик жактан аткарган кызматына, жасалыш жолуна, изилдениш тарыхына токтолуп, "*Сын атооч деген эмне?*" суроого жооп издеп, ушул суроонун айланасында кеп козгоону эп көрүп отурабыз.

Заттын сын-сыпатын, өңү-түсүн, даамын, формасын, көлөмүн ж. б. белгилерин билгизип, *Кандай? Кайсы?* деген суроолорго жооп берген сын атоочтор төмөнкүдөй белгилери менен башка сөз түркүмдөрүнөн айырмаланат:

а) сапаттык сын атоочтор даража (жай, салыштырма, күчөтмө, басаңдатма) категориясы боюнча өзгөрөт: *жакшыраак, капкара, өтө кара, агыш, саргыч, сары, кызыл*.

б) өзүнө гана тиешелүү сөз жасоочу мүчөлөрү бар : *-луу, -дай, -сыз, -гы* ж.б.

в) заттын сын-сыпатын ж. б. белгилерин көрсөтүп, жөндөмө, таандык, көптүк мүчөлөр менен өзгөрбөйт. Бирок затташып заттык мааниде колдонулганда, жөндөмөлөр менен өзгөрүп, көптүк сандын - *лар* мүчөсүн жана таандык мүчөлөрдү кабыл алат. Мисалы: ***Жакшынын*** *шарапаты,* ***жамандын*** *кесепети* (Макал).

г) синтаксистик байланышы жактан, негизинен, зат атоочтор менен айкашып айтылып, аныктоочтун милдетин аткарат. Аныкталгыч менен форма жактан өзгөрүүсүз туруп, ыкташуу аркылуу байланышат, кээде этиштер менен айкашып айтылат: ***Жакшы*** *бала* ***жакшы*** *окуйт. Алар* ***көңүлдүү*** *олтурушту.*

*д*) сүйлөм ичинде, негизинен, аныктоочтун, баяндоочтун, айрым учурларда сын-сыпат бышыктоочтун, заттанган учурда ээнин, толуктоочтун милдетин аткарат. *Алыстан* ***бийик*** *тоо көрүндү. Сагын ак сакал дале болсо* ***кайраттуу****. Анын уулу* ***жакшы*** *окуйт.* ***Жакшы*** *эл камын ойлойт,* ***жаман*** *өз камын ойлойт.* ***Жаманда*** *достук жок,* ***жакшыда*** *кастык жок.* ***Билимдүүгө*** *дүйнө жарык,* ***билимсизге*** *дүйнө караңгы* (толуктооч)**.** ***Билими күчтүү*** *миңди жыгат,* ***билеги күчтүү*** *бирди жыгат.* ***Арык*** *семирет****,*** ***ач*** *тоюнат* (ээлик милдет). Сын атоочтун заттык мааниге ээ болуусу (субстантивацияланышы) синтаксистик маанисинин кеңейишине шарт түзөт.

Сын атоочтор тутумуна карай *жөнөкөй* жана *татаал* болуп экиге бөлүнөт. Татаал сын атоочтор эки же андан көп сөздөн туруп, заттын белгисин билдирет: *кара кочкул, ач көз, кызыл ала кызыл-тазыл, эски-уску* ж. б.

Жөнөкөй сын атоочтор бир гана сөздөн туруп, заттын сын-сыпатын, өңү-түсүн, даамын, ж. б. белгилерин билгизет. Жөнөкөй сын атоочтор жасалышы жактан *тубаса* сын атоочтор жана *туунду сын атоочтор* болуп экиге бөлүнөт.

Лексикалык мааниси боюнча заттын ар түрдүү белгисин билдирген жана азыркы абалында морфемаларга ажыратууга мүмкүн болбогон сын атоочтор тубаса сын атоочтор деп аталат: ***кызыл, көк, оор, катуу, жакшы, жеңил ж. б.***

Сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы менен башка түркүмдөгү сөздөрдөн же сын атоочтордон жасалган сын атооч сөздөр туунду сын атоочтор деп аталат: ***күчтүү, суусуз, агыш, камкор*** ж. б.

Жогоруда сын атоочко мүнөздүү болгон негизги белгилер көрсөтүлдү. Бирок алардын айрымдары төмөнкү өзгөчөлүктөрү менен мүнөздөлөт:

а) заттын өңү-түсүн билдирүү сын атоочторго гана тиешелүү: ***аксаргыл, кызгылт, көгүш.***

б) сын атоочтун салыштырма даражасы сапаттык сын атоочтор үчүн мүнөздүү: ***жакшыраак, ичкерээк,*** бирок айрым катыштык сын атоочтор да салыштырма даражада айтыла берет: ***тузсузураак, таштагыраак, өткүрүрөөк.***

Ар бир сөз түркүмүнө тиешелүү болгон негизги синтаксистик милдети бар, ошону менен бирге алар сүйлөмдө кошумча синтаксистик милдетти да аткара берет. Алсак, сын атооч мүнөздүү түрдө аныктоочтук милдетти аткарат, бирок айрым учурларда сын атоочтор кыймыл-аракеттин белгисин да көрсөтүп, тактоочтор сыяктуу сыпат бышыктоочтук милдетти да аткарат: *Асан* ***жакшы*** *окуйт. Алар* ***эпкиндүү*** *эмгектеништи.*

Мында ***жакшы, эпкиндүү*** деген сын атоочтор сыпат бышыктоочтук милдетти аткарышты. Ошондой эле: *Жолоочу* ***темир*** *дарбазаны* ***катуу*** *каккылады. Бөрүбай* ***түлкү*** *ичигин желбегей жамынып, сыртка чыкты.* Бул сүйлөмдөрдөгү ***темир, түлкү*** деген зат атоочтор *кандай*? деген аныктоочтун суроосуна жооп берип, өзүлөрүнөн кийинки ***дарбаза, ичиги*** деген зат атоочтор менен айкашып, аныктоочтук милдетти аткарып турат[3:26]. Бирок синтаксистик мындай кызматына карап жогорку сын атоочторду *(жакшы, эпкиндүү)* тактооч деп, зат атоочторду *(темир, түлкү)* сын атооч деп кароого болбойт, себеби алардын лексика-грамматикалык белгилери өзгөрүлүп, бири тактоочко, экинчиси сын атоочко өтүп кеткен жок, алардын синтаксистик кызматы гана өзгөрдү, б. а., бул сыяктуу сөздөр бышыктоочтук милдетти аткарган сын атоочтор, аныктоочтук милдетти аткарган зат атоочтор гана болот. Ошондой эле зат атоочтор заттардын эмнеден жасалгандыгын, материалын белги катары билгизсе, сын атооч андай өзгөчөлүктү билгизе албайт. Айрым учурларда зат атоочтор заттардын сапатын да билгизип калат, мындай учурда алар сын атоочко абдан жакындашат (*алтын нур, күмүш сакал, жибек мүнөз*), бирок мындай касиетке алар өтмө мааниде келгенде гана жетишет, эгерде мындай өзгөчөлүк ошол сөздөргө туруктуу мүнөзгө айланса, алар сын атоочко өтүп кетет. Ошондой эле заттардын белгилери этиштин өзгөчө формаларынын бири болгон атоочтуктар аркылуу да туюндурулат. Мисалы: ***Ишенбеген*** *адам жылдыздын жарыгын шам менен* ***издеген*** *макоого тете.* Сүйлөмдө заттын белгисин туюндуруу үчүн атоочтуктар (*ишенбеген, издеген*) колдонулган. Буга карап келтирилген мисалдарды бир сөз түркүмү деп кароого болбойт.

Жогорудагы сын атоочтун мүнөздүү белгилери, өзүнө гана тиешелүү категориялары аны башка сөз түркүмдөрүнөн айырмалап турат.

**Адабияттар:**

1. Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили: Морфология. - Бишкек: «Айбек» фирмасы, 1997. - 296 б.
2. Абдувалиев И. Кыргыз тилинин морфологиясы : “Кыргыз тили жана адабияты” адистиги боюнча ЖОЖ студ. үчүн окуу китеп. - Бишкек, 2008. -284 б.
3. Абдувалиев., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили: Морфология. - Бишкек, 1997
4. Абдыкеримова А. Э. Лингвистикалык поэтика. - Каракол, 2008. - 209 б.
5. Азыркы кыргыз адабий тили: Фонетика, Лексикология, Лексикография, Фразеология, Морфология, Синтаксис, Стилистика, Тексттаануу, Лингвопоэтика. - Бишкек, 2009. -928 б.
6. Мурзалиева А. Ш. Сын атоочтордун эстетикалык мүмкүнчүлүгү жана анын көркөм чыгармада берилиши (М. Гапаровдун чыгармаларынын негизинде) : фил. ил.канд....дисс.-Б., 2014.- 133 б.